ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын кеңешинин кезектеги жыйынынын **№3 протоколу**

*31-октябрь, 2023-жыл.*

*Төрага:* А.М. Токторбаев
*Катчы:* Ж.Э. Токтомуратова
*Катышкандар*: Информациялык системалар жана программалоо кафедрасынын мүчөлөрү.

*Күн тартиби:*

1. Бакалавр багыты боюнча бүтүрүүчү квалификациялык иштердин темаларын жана жетекчилерин, магистрдик диссертациялардын темаларын жана жетекчилерин бекитүү;
2. Сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн видео-конференцияларды уюштуруу;
3. Студенттердин билимдерин диагностикалоо (тест, текшерүү иш алуу менен) мониторингдин жыйынтыгын талкуулоо жана бекитүү;
4. Ар түрдүү маселелер.

**1-маселе**
**Угулду**: *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти,кафедра башчысы):* Бүтүрүүчү квалификациялык иштердин жана магистрдик диссертациялардын темалары кафедранын окутуучулары тарабынан берилди. Азыркы учурда студенттер жана магистранттар тарабынан жетекчилер тандалып, темаларын берип жатышат.

Окутуучулар квалификациялык иштердин жана магистрдик диссертациялардын сапатына көңүл бөлүңүздөр жана кыргыз тайпалар кыргызча, ал эми орус тайпалар орусча коргоосу зарыл.

Коюлган маселени угуп жана талкуулап кеңешме **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Квалификациялык иштердин жана магистрдик диссертациялардын темалары бекитилсин.
2. Квалификациялык иштердин жана магистрдик диссертациялардын сапатын жогорулатуу жетекчилерге милдеттендирилсин.

**2-маселе**
**Угулду**: *А. Токторбаев (ИСП кафедрасынын доценти,кафедра башчысы):* сырттан окуу бөлүмүнүн студенттеринин билимдерин жана катышууларын сандык жана сапаттык жактан жогорулатуу үчүн видео-конференцияларды уюштурушуп, кураторлук тайпалар менен иш алып барышууда.

Окутуучулар тарабынан moodle тиркемесине сабактардын материалдары, силлабус, ОМКлары жайгаштыруу зарыл.

Коюлган маселени угуп жана талкуулап кеңешме **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Сырттан окуу бөлүмүнүн студенттери үчүн видео-конференцияларды уюштурулсун.
2. Окутуучулар тарабынан moodle тиркемесине сабактардын материалдары жайгаштырылсын.

**3-маселе**

**Угулду:**

*Г. Омаралиева (ИСП кафедрасынын улук окутуучусу):* 2022-2023-окуу жылы үчүн МИТ факультетинин студенттеринин билим деңгээлинин сапаты жөнүндөгү тиркеменин

негизинде 1-курстар арасында мектеп программасындагы математика жана информатика боюнча мониторинг жүргүзүлүп, төмөнкүдөй жыйынтыктарга ээ болдук.

Онлайн "Google" тестирлөө каражатынын негизинде студенттердин "Информатика" боюнча алынган абсолюттук жана сапаттык көрсөткүчү:

| Багыты | Группасы | Группадагы студенттердин саны | Группадагы тестирлөөгө катышкан студенттердин саны | Абсолюттук жетишүү % | Сапаттык жетишүү % |
|---|---|---|---|---|---|
| 710200 Информациялык системалар жана технологиялар | ИСТ(б)-1-23 | 38 | 31 | 81,5 | 63,1 |
| 710200 Информациялык системалар жана технологиялар | ИСТ(б)-2-23р | 33 | 20 | 60,06 | 45,4 |
| 710100 Информатика жана эсептөө техникасы | ПОВ(б)-1-23 | 29 | 29 | 55,1 | 51,7 |
| 710100 Информатика жана эсептөө техникасы | ПОВ(б)-2-23р | 30 | 23 | 76,6 | 30 |

Студенттердин компьютердик билимдерин текшерүүдөн алынган жыйынтык боюнча 3 жылдын аралыгында салыштырмалуу жогору деп жыйынтык чыгарууга болот.

Мурдагы жылдарда, региондордогу мектептерден бүткөн студенттерден караганда шаардык мектептерден буткөн студенттердин көрсөткүчтөрү жогору болгон. Бул жылы бардык студенттердин көрсөткүчтөрү теңделген.

Онлайн "Google" тестирлөө каражатынын негизинде студенттердин "Математика" боюнча алынган абсолюттук жана сапаттык көрсөткүчү:

| Багыты | Группасы | Группадагы студенттердин саны | Группадагы тестирлөөгө катышкан студенттердин саны | Абсолюттук жетишүү % | Сапаттык жетишүү % |
|---|---|---|---|---|---|
| 710200 Информациялык системалар жана технологиялар | ИСТ(б)-1-23<br>ИСТ(б)-2-23р | 62 | 59 | 95,16 | 80,32 |
| 710100 Информатика жана эсептөө техникасы | ПОВ(б)-1-23<br>ПОВ(б)-2-23р | 60 | 54 | 90 | 78,33 |

“Математика” боюнча алынган анализди алып карасак, башка багыттагы студенттерде тригонометриялык маселелерди чечүүдө жана графика түзүү боюнча кыйынчылыктар болгон, бирок ИСТ жана ПОВТАС адистиктеринде өзгөчө кыйынчылыктар болгон эмес.

Белгилей кетсек, 2023-жылдан тартып мониторинг жүргүзүү милдети тиешелүү предметтердеги окутуучуларга жүктөлгөн.

Коюлган маселени угуп кеңешме **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2023-2024-окуу жылы үчүн МИТ факультетинин студенттеринин билимдерин диагностикалоодо мониторингдин жыйынтыгы жактырылсын жана бекитилсин.

Кеңешменин төрагасы А.М. Токторбаев

Катчы Ж.Э. Токтомуратова